**Таш-Көмүр шаарына караштуу №9 А.Осмонбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы 1-4-класска чейинки окуучулардын ата-ата-энелеринин чогулушу**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**Теңдик айылы**
**Ленин көч 1/1**
**15.09.2022-ж**

**Күн тартиби:**

**1 Ата-энелер жардамы менен балдарга ыссык тамак үчүн кошумча азык түлүктү кошууну уюштуруу.**

**Угулду:**

**Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын Кыргызстандагы өкүлү Бакыт Уметов.**Окуучулардын ден-соолугу үчүн тамактын пайдасы өтө жогору экенин айтып өттү.Балдардын ден-соолугу үчүн витаминге бай калориялуу тамак зарыл экендигин айтты.Эгерде сиздер колдоо көрсөтүп,айына балдар үчүн эт кошулган тамак балдарга мөмө-жемиштерди жумасына бир жолу берип турсак эрте менен эрте келген балдар үчүн жакшы деп ойлоймун.Бул сунушту сиздерге сунуш катары гана айта алам кабыл алуу жана чечим чыгаруу өзүңүздөрдүн гана ыктыярыныздар.Эгерде бул сунушту колдой албасаныздар деле мамлекет тарабынан берилген ар бир бала үчүн 7сом Таш-Көмүр мэриясы тарабынан ар бир бала үчүн күнүнө 3сом бөлүнгөн акча каражатына даярдалган тамакты бере беришет.Кээ бир окуучулар тамакты ичпей койгон учурлар кездешип жатат.Ошондуктан ушул сунушту сиздерге сунуштадым.

**Сөзгө чыкты:**

**1 Сүйеров –**Балдарыбыз үчүн витаминдүү тамак уюштурайлы урматтуу ата-энелер .Жок дегенде 100 сомдон чогултуп,тамагына эт коштуралы эмне дейсиздер деген ойун айтты.

**2 Жусупбеков К**-Эгерде биздин айыл өкмөттө бюджет болсо ыссык тамакка бөлүп бермек.Биздин бир отуруп жеген тамагыбыз 200 сомдон кем болбойт.Балдар үчүн 1 айга 100 сом эч нерсе эмес.Бул сунушту менда колдойм .

**3 Карапашова А-**100 сом бир айга эч нерсе эмес.Бир жылдык акчаны бир эле чогултуп коелу деген сунушун айтты.

Scanned by TapScanner

Бир топ ата-энелер сүйлөп макулдугун айтышкан соң колго салынып.Баары бир добуштан макулдугун билдиришти.

## ТОКТОМ:

**1 Ыссык тамак үчүн ата-энелер тарабынан 1айга ар бир окуучуга 100сомдон акчалай жардам берилсин жана чогултуу жагы ата-энелер комиттетинин мүчөсү Маматалиева Гүлнарага жүктөлсүн.**

Scanned by TapScanner

**Таш-Көмүр шаарына караштуу №9 А.Осмонбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучуларынын арасында укук бузууларды,кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш пландын негизинде өткөрүлгөн чогулушунун**

**№ 1 ПРОТОКОЛУ**

**Теңдик айылы**
**Ленин 1/1**
**14.04.2022-жыл**

**Катышты:**
**Таш-Көмүр шаардык Мэриясынын башкы адиси Н.А.Боронбаев.**
**Таш-Көмүр ШБББнүн жетектөөчү адиси Жээналиева Эльмира**
**Таш-Көмүр шаардык социялдык өнүгүү башкармалыгынын "Үй бүлө жана балдарды колдоо"бөлүмүн башчысы А.Н.Алимбекова.**
**ИДН Асанов Акыл**
**Мектеп директору Т.Т.Мамырова.**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
**Кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында.**

**Таш-Көмүр шаардык мэриясынын башкы адиси Боронбаев Нурлан Абдираевич :** Саламатсыңарбы урматтуу окуучулар биздин келгенибиздин максаты, кылмыштуулуктун алдын алуу жана зордук-зомбулукка жол бербөө боюнча.Жалпыга белгилүү болгондой азыркы учурда кылмыштуулук аябай көп катталып атат.Алардын арасында мектеп окуучулары да бар.Буга себеп бүгүнкү күндө ата-энелер миграцияда жүрүүсү,балдарды кароосуз калтыруусу, балдардын өз алдынча көчөгө чыгып кетүүсү.Өспүрүмдөрдүн арасында келишпөөчүлүк жогорку класстын окуучулары төмөнкү класстын окуучуларына налог салуусу,аймак-аймак болуп бөлүнүп алып мушташуусу кылмыштуулуктун болушуна түрткү болуп жатат.Ар бирибиз өз келечегибиз үчүн кылмыштуулуктан алыс болуп билим алууга күчүбүздү жумшашыбыз керек.Келечекте билим алсак өлкөбүздүн гана эмес айылыбыздын да өнүгүшүнө чоң салым кошобуз.Кылмыштуулуктун арты эч киминерге жакшы нерсе алып келбейт.Келечегинерге балта чаап албагыла.

**Таш-Көмүр ШБББнүн жетектөөчү адиси Жээналиева Эльмира:**
Саламатсынарбы урматтуу окуучулар жогоруда айтылган сөздоргө терең маани берип,кылмыштуулуктан алыс болууга аракет кылгыла,азыртан кылмыштуулукка аралашып калсанар,эртеңки күнүнөргө терс таасирин тийгизет.Кыргыз Республикасынын Конституциясында бирөөнүн буюмун алуу,бирөөгө кол көтөрүү,тоноо иштерин жүргүзгөн адам мыйзам жолунда жазага тартылат.Ошондуктан окуучулар алдыда келе жаткан мамлекеттик экзамендерди ийгиликтүү тапшырып,бир кесиптин ээси болуп мамлекетибизди өнүктүрүүгө жана келечекте мыкты инсан болуп чыгышынарга тилектешмин.

Scanned by TapScanner

**Таш-Көмүр шаардык социялдык өнүгүү башкармалыгынын "Үй бүлө жана балдарды колдоо"бөлүмүн башчысы А.Н.Алимбекова.**

Негизги максатыбыз балдардын арасында болуучу кылмыштуулуктун алдын алуу жана балдарга карата зордук зомбулук боюнча түшүндүрүү иштерин алып баруу.Ажырашкан жана эрте турмушка чыккан көйгөйлүү маселелерди чечүү.Ошондой эле бала ,үй-бүлө кодексинин негизинде иш алып барабыз.111 номери биз менен байланыша турган номер болуп саналат.Сурооңуздар болсо же болбосо кайрылууңар болсо ушул номерине байланышкыла.

**Токтом:**

**1Балдардын арасында кылмыштуулукту жана зомбулукту алдын алуу күчөтүлсүн.**
**2 Балдардын арасында кылмыштуулукту жана зомбулукту алдын алуу жоопкерчилиги ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.**
**3 Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери мектеп жетекчилигине милдеттендирилсин.**

**Мектеп директору:** **Т.Т.Мамырова.**

Scanned by TapScanner